*Кыргыз Республикасынын*
*Жогорку Кеңешинин*
*2023-жылдын 1 -мартындагы*
*№ 1002 токтомунун тиркемеси*

# Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотундагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин туруктуу өкүлү жөнүндө жобо

## 1. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотундагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин туруктуу өкүлү (мындан ары - туруктуу өкүл) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин (мындан ары - Жогорку Кеңеш) кызыкчылыктарын көздөйт жана анын ыйгарым укуктарын Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунда (мындан ары — Конституциялык сот) ишке ашырууга өбөлгө түзөт.

2. Туруктуу өкүл өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мыйзамдарын, Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерди Жогорку Кеңештин Аппараты жөнүндө жобону жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларын, ошондой эле ушул Жобону жетекчиликке алат.

3. Туруктуу өкүл тиешелүү чечимди жол-жоболоштурбай эле Конституциялык соттун жыйналыштарына белгиленген тартипте катышууга укуктуу.

4. Туруктуу өкүлдүн негизги милдети Жогорку Кеңеш менен Конституциялык соттун өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылуу болуп саналат.

5. Жогорку Кеңештин Төрагасы Жогорку Кеңештин Аппарат Жетекчисинин сунушу боюнча Жогорку Кеңештин Аппаратынын кызматкерлеринин ичинен Конституциялык соттогу туруктуу өкүлдү дайындайт жана бошотот.

6. Туруктуу өкүл Жогорку Кеңештин Аппаратынын бөлүм башчысыпыи рангына ээ болот.

7. Туруктуу өкүл өз ишин Жогорку Кеңештин Төрагасынын жана Жогорку Кеңештин Аппарат Жетекчисинин жетекчилиги астында Жогорку Кеңештин депутаттары менен өз ара аракетте жүзөгө ашырат.

8. Туруктуу өкүл жок болгон учурда Жогорку Кеңештин Төрагасынын чечими боюнча анын милдеттери Жогорку Кеңештин Аппаратынын кызматкерлерине убактылуу жүктөлөт.

9. Туруктуу өкүл мамлекеттик кызматчы болуп саналат.

## 2. Туруктуу өкүлдүн функциялары

10. Туруктуу өкүл төмөнкү функцияларды аткарат:

1) Конституциялык соттун жыйналыштарына белгиленгеи тартипте катышат;

2) «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» Кыргыз Реепубликасынын конституциялык Мыйзамында жана Конституциялык соттун регламентинде каралган бардык учурларда конституциялык сот өндүрүшүндө Жогорку Кеңештин атынан чыгат;

3) Конституциялык сот тарабынан каралуучу маселелер боюнча Жогорку Кеңештин позициясын Жогорку Кеңештин Төрагасы менен түзөт жана макулдашат;

4) Жогорку Кеңештин Төрагасына же Жогорку Кеңештин Аппарат Жетекчисине Жогорку Кеңештин атынан Конституциялык сотко киргизүүгө болжолдонгон кайрылуулардын долбоорлорун берет;

5) Конституциялык соттун жыйналышында ишти кароо башталганга чейии Жогорку Кеңештин кайрылуусун Жогорку Кеңештин Төрагасынын тапшырмасы боюнча чакыртып алат;

6) кайрылууда баяндалган Жогорку Кеңештин позициясына зарыл болгон тактоолорду жана өзгөртүүлөрдү Конституциялык соттун жыйналышына киргизет;

7) Жогорку Кеңештин Төрагасы менен Конституциялык соттун жетекчилеринин өз ара аракеттенүүсүн чыңдоого, жолугушууларын уюштурууга көмөк көрсөтөт;

8) Жогорку Кеңештин Конституциялык сот менен өз ара мамилелерине тийиштүү колдонуудагы ченемдик укуктук актыларды да, ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун да талдоону жүзөгө ашырат;

9) зарыл болгон учурда Жогорку Кеңештин Төрагасына Конституциялык соттун чечимдеринин аткарылышын камсыз кылууга тийиштүү чаралар боюнча Конституциялык сот менен өз ара аракеттенүүсүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылдыгы жөнүндө сунуштарды киргизет;

10) Жогорку Кеңештин Төрагасына же Жогорку Кеңештин Аппарат Жетекчисине Конституциялык соттогу өзүнүн иши жөнүндө отчет берет;

11) мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын Конституциялык сотто кароодо аныкталган кемчиликтерине, алардын Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келишине талдоо жүргүзөт;

12) Конституциялык сотто Жогорку Кеңештин кызыкчылыктарын жактоого байланышкан башка функцияларды аткарат.

## 3. Туруктуу өкүлдүн функциялары

11. Туруктуу өкүл өзүнүн функцияларын аткарууда төмөнкүлөргө укуктуу:

1) зарыл болгон кортундуларды, материалдарды жана маалыматтарды Жогорку Кеңештин Аппаратынын түзүмдүк бөлүмдөрүнөн белгиленген тартипте суратууга жана алууга;

2) өз ыйгарым укуктарын аткаруу үчүн зарыл болгон материалдарды алуу үчүн мамлекеттик жана сот бийлигинин органдарына кайрылууга;

3) өз ыйгарым укуктарын аткаруу үчүн зарыл болгон материалдарды жана маалыматы белгиленген тартипте мамлекеттик органдардан алууга;

4) Жогорку Кеңеш, комитеттер жана убактылуу комиссиялар, Жогорку Кеңештин Аппаратынын түзүмдүк бөлүмдөрү, ошондой эле мамлекеттик органдар жана эл аралык уюмдар тарабынан өткөрүлүүчү конференцияларга, семинарларга, кеңешмелерге жана башка иш-чараларга катышууга.

## 4. Кортунду жоболор

12. Туруктуу өкүлдүн ишин материалдык-техникалык, социалдык-тиричиликтик, документтик, маалыматтык, транспорттук жана башка камсыз кылуу Жогорку Кеңештин Аппаратынын кызматкерлери үчүн белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.